Аллах Таалага таза, күнөөсү жок жолугуусу үчүн ыймандуу эркектин жана ыймандуу аялдын өзүнө, балдарына жана мал-мүлкүнө ар кандай балээ, сыноолор боло берет

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Аллах Таалага таза, күнөөсү жок жолугуусу үчүн ыймандуу эркектин жана ыймандуу аялдын өзүнө, балдарына жана мал-мүлкүнө ар кандай балээ, сыноолор боло берет".

[Хасан (жакшы)] [Ат-Тирмизи жана Ахмад жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: ыймандуу эркек-аялдарга алардын өзүнө тиешелүү, мисалы, ден-соолугуна, дене-мүчөлөрүнө же балдарына тиешелүү, мисалы, ооруп калуу, кайтыш болуп калуу, ата-энесине моюн сунбай коюу, же мал-мүлкүнө тиешелүү, мисалы, жетишсиздик, соодасынын жүрүшпөй калуусу, мал-мүлкүн ууруга алдырып жиберүү, ырыскысынын аздыгы сыяктуу ар түрдүү балээ, сыноолор боло берет. Мунун баарын Аллах Таала алардын күнөө-каталарын кечирип, кыяматта Ага эч кандай күнөөсү жок, таза жолугуулары үчүн ушинтет.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3159